Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№11 [17007] ИШЕМБИ, 11/04/2026

ЖАМААТТЫК КЕЛИШИМДЕРДИН САПАТЫН ЖАКШЫРТУУДАГЫ ЖАРДАМДАР ЖАҢЫ ДЕҢГЭЭЛГЕ КӨТӨРҮЛӨТ



4-бетте

АЙБАРЧЫН ЖЕТЕКТЕГЕН АК-ЖАРДАГЫ АЛТЫН УЯ



5-бетте

ЖОЛ - ЖАШООНУН КАН ТАМЫРЫ



8-бетте

Ата Мекендик согушта каармандык көрсөткөн мекендеш



2-бетте

БАНК КАРТАЛАРЫН ЖАНА ОНЛАЙН КЫЗМАТТАРДЫ КОЛДОНУУДАГЫ НЕГИЗГИ КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ



3-бетте

Тренинг

Инклюзивдүү гендердик- сезимтал журналистика - жаңы процесс

Жакында Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы Евросоюздун колдоосундагы “Социалдык технологияллар агенттиги” коомдук бирикмеси жана БУУнун Борбордук Азиядагы адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгынын регионалдык өкүлчүлүгү менен бирдикте “Инклюзивдүү гендердик- сезимтал журналистиканын стандарттары» деп аталган тренинг болуп өттү. Аны Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын орун басары Айчүрөк Назаралиева ачып, адам укугу тууралуу коомдук пикирди калыптандырууда жана майыптыгы бар адамдар үчүн тоскоолдуктарды жоюуда, адам укугун коргоодо массалык маалымат каражаттарынын, медианын маанилүү курал экендигин белгилеп, бул маанилүү иш-чарага активдүү катышууга чакырды.

БУУнун Борбордук Азиядагы адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгынын регионалдык өкүлүнүн орун басары Эннио Боати жана Евросоюздун Кыргыз Республикасындагы өкүлү Стилианос Дендринос журналистика адам укугун коргоодо, гендердик теңчиликти, адамдын сырт келбетине (лукизм) карап жасалган дискриминацияны жана аялуу топтогу адамдардын укуктарын чагылдырууда маанилүү роль ойной тургандыгын белгилешип, аларды жаңы стандарттарды өздөштүрүүгө үндөдү. Негизги тема- теориядан практикага өтүү зарыл экендигин белгилешти.

Тренингдин жүрүшүндө анын уюштуруучулары инклюзивдүү, гендердик теңчилик жана калктын аялуу топтору тууралуу темаларды эл аралык стандарттарга ылайык аяр чагылдыруу, пенитенциардык мекемелерде жаткандар тууралуу материалдарда купуялуулукту карануу жөнүндөгү маселени талкууга алышты.

“Социалдык технологиялар агенттиги” коомдук бирикмесини эксперттери Надежда Пригода жана Зульфия Кочорбаева тарабынан массалык маалымат каражаттарында, медиа тармактарында жарыяланган аялуу топтогу адамдар тууралуу эрежеге ылайык келбеген, алардын укугун бузган мисалдар ортого салынды.

“Майыптыгы бар балдардын ата-энелердин ассоциациясы” коомдук бирикмесинин өкүлү Сейнеп



Дыйканбаеванын айтуусунда “Майыптуулук -адамдан эмес, коомдогу тоскоолдуктан пайда болот. Медия бул тоскоолдукталды бузат, же тескеринче аны күчөтөт. Аянычтуу мүнөздөгү чагылдыруу жана стереоптиптүү кейипкерлер-адам укугун түздөн-түз бузуу, адамдарды бөлүп жаруу формасы.

Аталган тренингдин өзгөчөлүгү анын катышуучулары лекция угуу менен гана чектелип калбастан, бул темада жазылган реалдуу кейстерди талкууга алышып, темаларын өзгөртүштү. Эң маанилүүсү- зомбулуктан запкы тарткан жарандан интервьюну кандайча алуунун ыкмаларын жана кайсы визуалдуу материалдарды жарыялоого боло же тескеринче болбой тургандыгы тууралуу ченемдерди өздөштүрүштү.

Айрым журналисттердин пикиринде “Бул багыттагы материалдарды көп жылдардан бери үйрөнгөн адат боюнча жазып келсек, мындай мамиле аялуу катмардагы адамдар үчүн оор тиерин. психологиялык жактан жабыр тарта тургандыгын түшүндүк. Биз өз мойнубузга жоопкерчиликти жүктөп кайттык” деген пикирлерин айтышты.

Аталган тренингдин катышуучулары журналистика коомчулуктун пикирин бура турган күчкө ээ болгон кубаттуу инструмент экендигин белгилөө менен, инклюзивдүү гендердик- сезимтал журналистиканын стандарттарын коомго жаңыдан кирип келе жаткан процесс экендигине карабастан, анын келечеги бар багыт экендигине токтолушту.

Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

Архив казынасынан

Ата Мекендик согушта каармандык көрсөткөн мекендеш



Темирова Наиля Валиевна 1923-жылдын 13-апрелинде Башкортостандагы Макировск районундагы Кузьяново кыштагында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Наиля Темирова Башкортостандагы медициналык орто кесиптик окуу жайын ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Эски-Пучак айылындагы медпунктта мээрбан эже болуп иштөөдөн баштайт. 1941-жылы Наиля апасы менен Ош облусунун Кара-Суу шаарына келип, окуган кесиби боюнча жумушун улантат. 1942-жыл, согуштун алоолонгон учуру, Наиля Темирова өз ыктыяры менен Кара-Суу райондук аскер комиссариатына аскерге жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылат. Райондук аскер комиссариаты Наилянын сунушун четке какты. Себеби, ал кезде Түштүк Кыргызстандын кыз-келиндерин аскерге чакыруу боюнча эч кандай буйрук болгон эмес.

Наиля Республикалык аскер комиссариатынын полковниги Ремизовго “Аккан кан менен энелердин көз жашын аябайсыздарбы! Аскердик күчтү бизге окшогон кыздар менен чындоого эмне үчүн болбосун?” деген мазмундагы катты жолдогон. Наиля Темировага бир айдан кийин аскерге чакыруу кагазы келген. Ошол жылдары мусулман аялдарынын арасынан суурулуп чыгып, Ош шаарынан согуш оту жалбырттап күйүп жаткан майданга аттанган эр жүрөк кыздарыбыздын бири- Темирова Наиля Валиевна болгон.

Наиля Темирова 1943-жылдын декабрь айына чейин Одессада артиллериялык–зениттик курстан өткөн соң, Красноводскийге жөнөтүлөт. Ал кызмат кылган 731-артиллериялык зениттик полк өзүнүн фашисттер менен болгон кармашуусун Красноводскийде баштаган. Душман менен согушкан жылдардын ичинде Наиля кызмат өтөгөн полк фашисттердин бир нече самолетун, артиллериялык (замбиректүү) батереяларын жана аскерлерин жок кылган жана зыянга учураткан. Киев шаарын душмандардан бошотууга катышкан.

Наиля Темирова жаракат алып, госпиталдык комиссиянын чечими менен 2-тайпадагы майыптыкка чыгарылып, кайрадан Ош жергесине келип, өз кесибинде иштөөнү улантат. Көп өтпөй комсомолдун обкомунун биринчи катчысы чакырып, Чоң-Алай райондук комсомол комитетинин 2-катчылыгына дайындайт. Андан кийин да бир катар жетекчилик кызматтарда иштеп жүрүп, пенсияга чыгат.

Мекенин медер тутуп, кадырлап сүйгөн биз сыймыктанган мекендешибиз согуш ардагери Наила Темирова “Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн каармандыгы үчүн”, “Улуу Жеңиштин 40 жылдыгына” деген ондогон төш белгилеринин жана көптөгөн Ардак грамоталарынын ээси.

Айнагүл Урусова,
Архив кызматынын Ош регионду башкармалыгынын бөлүм башчысы.

Урмат

ЖАШООГО ЖЕТЕЛЕГЕН ӨМҮР...

Жашоо пенде үчүн чар тарабы чатташкан тунгуюктай сүрдүү көрүнгөнү менен көптүн бири катары окшоп күндөрдү, окшош түндөрдү багындыра өмүр сырларын чечмелөөгө жаш курагың келгенде эртеңкиге улам демелүү боло өзүңдөн башкага менчемделбеген сыр туюгунда капкандалат окшойсуң. Жашыңда мындай сезимдер оюңа да келбей, шайыр-шатман жүргөн күндөр биринен сала бири тынымсыз аккан агын суудай өткөнүнөн улам кеткен өмүргө кайрылбай турганыңды сезгенде гана жан дүйнөң эңшерилгени сезилет тура. Гульмира ушундай ойлорго өмүрдүн элүү биринчи жылында көп кайрыла тургандын туюп калчу болгонун жашоонун мыйзамдуу көрүнүшү катары баалап коёт.

Аликулова Гульмира Молдоматовна 1975-жылы 7-мартта Ош шаарында Аликулов Молдоматтын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келет. Атасы Молдомат өмүрүнүн акырына чейин Ош шаардык курулуш трестинде, кийин ЖБИде арматура цехинде начальник болуп эмгектенген. Ал эми апасы өмүр бою эсеп кызматкери катары оозго алынган инсандардан эле. Өмүрүнүн акыркы жылдары облустук ден-соолук тармактарында эсепчи, башкы эсепчи кызматтарында үзурлүү эмгектенген. Гульмиранын тектүүлүгү Алайлык кыргыздардан. Ал жети жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган. 1982-жылы номер 7-Нариманов мектебинин 1-классынын босогосун аттаган. Үй-бүлөдө интеллигенттүү, тарбия маңызын алган секелек кыз мектепте эң жакшы таалим тарбия билим алуу менен классташ курбуларынан айырмаланган, лидерлик позициядагы кулк мүнөздүү алдыңкы окуучулардын сап башында болуу менен 1992-жылы Ош шаарындагы №38 кыргыз элинин эң таланттуу классик төкмө акыны Барпы Алыкулов атындагы орто мектептин 10-классын ийгиликтүү бүтүрүү менен толук орто билимге ээ болгон. Ошол эле жылы мектепти эң жакшы билим алуу менен өзгөчө так илимдерге кызыгуу ынтаасы бар секелек кыз Ош мамлекеттик университетинин физика-математика факултетине окууга керектүү документтерин кабыл алуу комиссиясына өткөрөт. Ал окуу жайга өтүүгө коюлган сынактык экзамендерди эң жакшы баалар тапшырат да, ошол учурдагы Кыргызстандын түштүк чөлкөмүндөгү, ал тургай Союздун окуу жайларынын алдыңкыларынан болгон билим тарбия жаатында мыкты ар түрдүү кесиптеги педагог-мугалимдерди тарбиялаган көрүнүктүү окуу жайдын студенти болуу бактысына тушугат.

1992-жылдарда коомдук түзүлүштө чоң өзгөрүүлөргө туштаган Улуу Совет өлкөсү кыйроого учураган. Анын соңунда Кыргыз Республикасы да өз алдынча мамлекет болууга алгачкы кадамдарын ташаган учур эле. Коомдук тутумдун бардык сферасындагы эски менен жаңынын таймаш күрөшү окуу жайларга таасирин тийгизбей койгон эмес. Канчалык билим тарбия алуу-



га талпынганың менен коомдук чайналыштын апкыты студенттердин окуп билим алуусуна да кедергисин катуу тийгизген. Мурунку мезгилдеги окуу жайларга болгон мамлекеттик кепилдиктердин гарантиясы болбой окуу процесси, кесип алуу, кесипке ээ болуу, акы төлөө формасына шыр эле өткөрүлгөн. Кептелген көрүнүштүн көп жактуу терс формаларына туруштук берген студенттер гана сүйүктүү кесиптерине ээ боло алган. Ошолордун бири катары Аликулова Гульмира да өз мүнөзүндөгү туруктуулугун көрсөтүү менен университети 1997-жылы ийгиликтүү аяктайт. Ошол эле жылдары жакшы окуган кесип ээси катары жаңыдан ачылган Психология кафедрасына операторлук кызматка орношуу менен алгачкы эмгек жолуна кадам таштаган. Аталган кызмат оордунда эки жылга чамалай берилүү менен эмгектенет. Кызмат ордунун анча-мынча татаал сырларын жаңы кесип ээси болсо да кошо иштегендерден тартынган байоолугуна алдырбай, шаарда өсүп тарбия алган кыз катары билип-билбегендерин сурап үйрөнүүгө далалаты күч болгон. Ошонун натыйжасында 1999-2001-жылдары иштеген адистиги боюнча кафедранын алдындагы жаңыдан ачылган психология адистигин даярдаган курсту аяктоо менен "психолог" адистигине Университеттин тарыхында алгачкы ээ болгондордун катарына кошулган. Ошол эле жылы психология кафедрасында психология адистиги боюнча мугалим-окутуучу болуп эмгектене баштайт. Ал аталган кызмат оорунда 2013-жылга чейин үзүрлүү эмгектенет. Ошол эле учурда 2009-жылдан Ош шаарынындагы №16 Кесиптик лицейде өзүнүн алгачкы кесиби боюнча математика сабагынан мугалим болуп иштейт. Кийин университеттеги иштеген жеринен 2013-2016-жылдарда Кесиптик лицейдин директорунун орун басары кызматын аркалагандыгына байланыштуу кызмат ордун тапшырууга туура келет. Ал ортолукта 2010-2012-жылдары "Подруга" коомдук фондунда психолог болуп эмгектенет.

Азыркы учурда деле жогоруда аты аталган лицейде көп жылдык тажрыйбалуу, эмгек ээси катары ар кандай коомдук иштерди уюштурууда жаштарга насаатчы катары эмгек жолун үзүрлүү улантып келет. Гульмира иштеген ишинде чынчылдыкты жакшы көргөнү менен жана коллективдин ынтымактуу болуусуна дайыма камкордук көрүүсүнүн таасиринде 2021-жылдан бери лицейдин профсоюз уюмун активдүү жетектеп келүүдө.

Аликулова Гульмира жолдошу Акылбек экөө мыкты, таалим тарбиялуу үй-бүлөөнүн ээси. Акылбек экөө жаштайынан таанып-билген кишилердин балдарынан. Алардын жерлиги Алайдын мурдагы Правда совхозунан. Азыркы учурда Ош шаарында иштеп, жашап турушат. Акылбек Ош шаарындагы ЖБИ-4 ишканасында бир цехтин начальниги. Ал дагы эмгек алдыңкысы. Өз ишин жанындай сүйөт. Ошондон улам коллективинде кадырбаркы жогору. Мындай жоромолго Акылбектин кесиптик иш билгилүүлүгүнүн таасири чоң экен десек жаңылыштык эмес. Акылбек менен Гульмира төрт баланын жана бир неберенин, ушуларга кошо эле 2010-жылдагы коогалаңда өлтүрүлгөн бир тууган агасынын 2 баласын өз колдорунда багып, эрезеге жеткирген. Өз уулу Рамазан азыркы учурда мекен алдындагы аскердик милдетин ийгиликтүү өтөп жаткан учуру. Акылбек менен Гульмиранын үй-бүлөсүндө март айы үч саптуу майрам катары белгиленет. Анткени 7-март туулган күнү, 8-март жолдошу Акылбек экөөнүн баш кошкон күнү, 8-март кыз келиндердин эл аралык майрамы. Мындай катар майрамдар ар бир эле үй-бүлөнүн шыбагасына тартуулана бербесе керек.

Б.Абдыкадырова,
Ош шаары.

БАНК КАРТАЛАРЫН ЖАНА ОНЛАЙН КЫЗМАТТАРДЫ КОЛДОНУУДАГЫ НЕГИЗГИ КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр тездик менен өнүгүүдө. Банк карталарынын саны 10 миллиондон ашып, төлөм терминалдары менен электрондук капчыктар өлкөнүн эң алыскы аймактарына чейин жетти. Бирок, бул ыңгайлуулук менен кошо тобокелдиктердин жаңы түрлөрү да пайда болууда. Санариптик дүйнө өнүккөн сайын, шылуундардын ыкмалары да улам татаалдашып, айлакер болуп баратат. Алар техникалык гана эмес, психологиялык ыкмаларды да кеңири колдонууда. Демек, каражаттарды коргоо – бүгүнкү күндүн эң маанилүү маселелеринин бири болгондуктан, банк карталарын жана онлайн кызматтарды колдонуудагы негизги коопсуздук эрежелерин билип алуу зарыл.



Көпчүлүк адамдар банк картасын кадимки эле пластик катары кабыл алышат. Чындыгында, ал – жеке банктык эсепке кирүүнүн ачкычы. Аны ачуу үчүн шылуундар бир нече техникалык ыкманы колдонушат. Пластик картанын сырткы жана ички коргоосу бар.

Көзгө көрүнбөгөн коркунучтардын бири «скимминг». Скимминг жабдуулары картадагы маалыматты жашыруун көчүрүп алууга мүмкүндүк берет. Акча алардан мурун карта салчу жерди (card reader) бир аз тартып же кармап көрүү зарыл. Эгер, ал ашыкча калың болсо же бошоп турса, аны колдонбоо туура. Ал эми ПИН-кодду терип жатканда клавиатураны кол менен жаап коюу – жөнөкөй, бирок натыйжалуу коргонуу ыкмасы. ПИН-кодду картанын бетине жазуу же аны телефондо «ПИН» деген ат менен сактоо – бул шылуундарга капчыкты өз колу менен бергенге барабар. Ал эми картанын арткы бетиндеги үч орундуу сан (CVV/CVC код) – бул интернет-төлөмдөрдүн ачкычы. Аны эч кимге, атүгүл банктын кызматкерине да айтууга же көрсөтүүгө болбойт.



Азыркы учурда алдамчылар адам психологиясына басым жасоо аркылуу максатына ийгиликтүү жетүүдө. Алар коркутуу, шаштыруу же ишендирүү жолу менен адамды ойлонбой чечим кабыл алууга түртүшөт.

Эң кеңири тараган ыкмалардын дагы бир түрү – «банктын коопсуздук кызматы» деген шылтоо. Шылуун чалып, өзүн банктын кызматкери катары тааныштырат. «Сиздин эсебиңизден шектүү акча которуу болуп жатат, аны токтотуу үчүн СМС менен келген кодду айтыңыз» же «акчаңызды коопсуз эсепке которуу керек» деп ишендирет.

Банк кызматкерлери кардарларга чалып, жашыруун маалыматтарды (коддорду, паролдорду) сурабайт. Эгер, код сурал са – бул 100% алдамчылык!

Шылуундар кардардын жакын адамдардын үнүн, видеосун жасалма интеллект аркылуу жасап («Deepfake» же дипфейк), анын атынан чалып: «Кырсыкка кабылдым, тез акча которуңуз», – деп сураныш мүмкүн. Сактануу үчүн үй-бүлө менен гана билүүчү «жашыруун сөздү» (кодовое слово) ойлоп табуу керек. Күмөн жаралган учурда ошол сөздү суроо үчүн. Андан сырткары, видеонун сапатына көңүл буруу керек: көбүнчө дипфейктерде көз ирмөө же эриндин кыймылы табигый эмес болушу мүмкүн.

Сактануу үчүн сүйлөшүүнү токтотуп, ошол жакындын өзүнө же анын жанында болушу мүмкүн болгон башка адамдарга чалуу керек. Эч качан текшербей туруп акча которбоо керек.

Кыргызстандыктар арасында популярдуу болгон Wildberries, Ozon, Таобао жана жергиликтүү Lalafo сыяктуу маркетплейстерде «санариптик гигиенаны» сактоо өтө маанилүү. Ал үчүн негизги картаны (айлык акы же топтолгон чоң суммадагы каражат жаткан) интернетке туташтырбоо керек. Көпчүлүк банктардын тиркемесинде бир нече мүнөттүн ичинде виртуалдык карта ачууга болот. Сатып ала турган буюмдун гана суммасын ошол кошумча картага которуп, төлөмдү ошону менен жүргүзүү да болот.

Белгилүү сайттын (мисалы, банктын же маркетплейстин) жасалма көчүрмөсү фишинг деп аталат. Сайттын дарегине кунт коюп көңүл бурсаңыз, мисалы, nbkr.kg ордуна nbkr-online.com же wildberries.ru ордуна wildberies.net (бир тамгасы өзгөргөн) болушу мүмкүн. HTTPS протоколу: Сайттын дарегинин башында https:// (аягында «s» тамгасы - secure/коопсуз дегенди билдирет) жана кулпунун сүрөтү болушу шарт.

Бүгүнкү күндө телефон – бул банктын филиалы. Шылуундардан техникалык коргонуу чаралары:

• Эки факторлуу аутентификация (2FA): Бул функцияны бардык жерде (банк, почта, социалдык тармактар) иштетүү керек. Биринчи паролдон кийин СМС же атайын тиркеме аркылуу экинчи код суралат.

• Биометрия: Тиркемеге кирүү үчүн манжа изин же Face ID колдонуу. Бул сандык паролго караганда ишенимдүүрөөк.

• Коомдук Wi-Fi: Кафелердеги же аэропорттогу ачык Wi-Fi тармактары аркылуу банктык операцияларды жасабаңыз. Шылуундар «Man-in-the-Middle» (ортодогу адам) чабуулу аркылуу жеке маалыматтарды орто жолдон уурдап алышы мүмкүн.

• Лимиттер: Күнүмдүк төлөмдөргө лимит коюп коюңуз. Эгер, карта уурдалса, шылуундар белгиленген суммадан ашык акча ала алышпайт.

Эгер жаран шылуундарга алданып калса...

Эгерде, кимдир бирөө ката кетирген болсо, тез арада төмөнкү аракеттерди көрүү зарыл:

• Дароо бөгөттөө (Block): Банктын тиркемеси аркылуу же «ыкчам байланыш» номерине чалып, картаны жана эсебин бөгөттөө керек.

• Транзакцияны жокко чыгаруу:



Карта чыгарган банкка барып, акча которууну токтотуу же «чарджбэк» (төлөмдү кайтаруу) боюнча арыз жазуу. Бул процесс татаал, бирок мүмкүн.

• Укук коргоо органдары: Ички иштер министрлигинин Киберкылмыштуулук менен күрөшүү бөлүмүнө арыз менен кайрылуу. Бардык скриншотторду, телефон номерлерди жана чектерди далил катары тиркөө зарыл.

• Сак болуу: бир жолу алдаган шылуундар, бир нече убакыттан кийин «Биз юристтербиз, акчаңызды кайтарып беребиз», – деп кайра чалышы мүмкүн. Бул «кайталап алдоо» ыкмасы.

Каржылык сабаттуулук жана санариптик коопсуздук – бул ар бир жарандын жоопкерчилиги жана заман талабына ылайык жашоонун ажырагыс бөлүгү. Технологиялар өзгөрөт, бирок, негизги принцип өзгөрүүсүз калат: эч качан, эч кимге өзүңүздүн жеке банктык маалыматтарыңызды бербеңиз. Сактык – бул каражаттын коопсуздугу!

Бакытбек Пазылов:

"ЖАМААТТЫК КЕЛИШИМДЕРДИН САПАТЫН ЖАКШЫРТУУДАГЫ ЖАРДАМДАР ЖАҢЫ ДЕҢГЭЭЛГЕ КӨТӨРҮЛӨТ"



Пазылов Бакытбек Рысбаевич 1958-жылы Кара-Суу районунун Жапалак айылында туулган. Орто мектепти аяктаган соң, Фрунзе шаарындагы (азыркы Бишкек) Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтуна инженер-механик адистигине тапшырып, аны ийгиликтүү бүтүргөн. Эмгек жолунда Кара-Суу районунун Кашкар-Кыштак айылында жайгашкан "Айыл чарба техникасы" райондор аралык бирикмесинде инженер, улуу инженер болуп иштеген. Кийин айыл чарба кызматкерлеринин профсоюздарынын БКсынын Ош облусу боюнча техникалык инспектору, башкы техникалык инспектору болуп эмгектенген. Андан соң, Ош облустук калкты иш менен камсыздоо башкармалыгынын башкы адиси, начальнигинини орун басары кызматтарын ээлеп турган. Кийин Ош шаарынын миграция жана калкты эмгекке жайгаштыруу комитетинин бөлүмүнүн начальниги, мамлекеттик мекемелеринин кызматкерлеринин Ош облустук профсоюз комитетинин төрагасынын орун басары кызматтарын аркалаган. 2015 -жылдан тартып Мамлекеттик, муниципалдык мекемелеринин жана коомдук тейлөө кызматкерлеринин профсоюз уюмдарынын Ош регионалдык комитетинин төрагасы болуп иштөөдө. Үй бүлөлүү, беш баланын атасы. Бакытбек Рысбаевич Пазылов бизге өзү жетектеген Мамлекеттик, муниципалдык мекемелеринин жана коомдук тейлөө кызматкерлеринин профсоюз уюмдарынын Ош регионалдык комитетинин 2025-жылдагы ишмердүүлүгү тууралуу айтып берген. Төмөндө аны окурмандардын назарына коебуз.

-Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик, муниципалдык мекемелеринин жана коомдук тейлөө кызматкерлеринин профсоюз уюмдарынын Ош регионалдык комитети үчүн уюштуруу ишмердүүлүгү 2025- жылы тиешелүү деңгээлде жүргүзүлдү. Ош регионалдык комитети, профсоюз уюмдарынын райондук кеңештери тармактын профсоюз уюмдарында отчеттук шайлоо кампаниясын ийгиликтүү жана өз убагында өткөрүү үчүн бардык зарыл чараларды көрүштү.

Отчеттук шайлоо чогулуштары 134 баштапкы профсоюз уюмдарында жана 6 райондук профсоюздук комитетинин төрагаларынын кеңештеринде өткөрүлдү. Профсоюздук комитеттеринин көпчүлүк төрагалары жана райондук профсоюздук комитетинин төрагаларынын кеңештеринин төрагалары жаңы мөөнөткө кайра шайланышты.

Уюмдарда жана мекемелерде мүчөлүгүн токтотқондорду кайра кошуу жана мүчөлүккө жаңы уюмдарды тартуу багытында бир топ иштер жүргүзүлдү. Натыйжада профсоюзга мүчөлүккө тартуу иштеринин негизинде Ош регионалдык комитетинин профсоюздук тейлөөсүнө Ош шаарынын Кызыл- Кыштак айыл өкмөтүнүн профсоюз уюму 23 профсоюз мүчөсү менен кошулду. Ошондой эле Өзгөн шаардык мэриясынын аппараты 25 профсоюз мүчөсү менен кошулду. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин алдындагы Аскердик соода башкармалыгы мамлекеттик мекемесинин Ош бөлүмү 10 профсоюз мүчөсү менен, Ноокат районундагы Э.Абдраимов атындагы №54 кесиптик лицей 58 профсоюз мүчөсү менен кошулду. Ошондой эле аталган райондогу №58 кесиптик лицей 116 профсоюз мүчөсү менен, Т.Садыков атындагы көркөм мектеп интернаты 40 профсоюз уюму менен, жалпысынан 272 профсоюз мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик, муниципалдык мекемелеринин жана коомдук тейлөө кызматкерлеринин профсоюз уюмдарынын Ош регионалдык комитетине өтүштү.

Ошол эле учурда Ош облустук статистика башкармалыгы жоюлуп жана Кара- Суу райондук статистика башкармалыгы менен бириккендигине байланыштуу 33 адам кызматтан бошотулган, муну менен профсоюз мүчөлөрүнүн саны ошончо азайды. Анткени менен 2025-жылдын жыйынтыгы менен Ош регионалдык профсоюздук комитети боюнча профсоюз мүчөлөрүнүн санын 239 адамга көбөйтүүгө мүмкүн болду.

Профсоюздук мүчөлүк төлөмдөрдү төлөөнү токтотушкан Алай, Чоң Алай жана Өзгөн райондорунун мамлекеттик администрацияларынын кызматкерлерин профсоюздук мүчөлүккө кайра кошуу максатында жерине барып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

2026-жылдын 26-февралында КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жаңы дайындалган башчысы Усенов Абас Халилович менен жолугушуу болду. Ал профсоюздук ишмердүүлүккө өзгөчө көңүл буруп, тыгыз кызматташып, облустагы мамлекеттик, муниципалдык мекемелердеги профсоюздук мүчөлүк маселесин чечүүгө көмөк көрсөтүлөөрүн айтты.

Профсоюз мүчөлөрүнүн социалдык- экономикалык жана эмгекке укуктарын коргоодо мурункудай эле жамааттык келишимдердин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануууга өзгөчө көңүл бурулууда. 134 мекеме жана уюмдардын 115и жамааттык келишим түзүшкөн же 86 пайызга барабар болду. Жамааттык келишимдер боюнча 2025-жылы 3909 иш-чара каралды жана анын 3714ү же 95 пайызы аткарылды. Араван, Өзгөн, Ноокат, Кара-Суу, Кара-Кулжа райондорунда жамааттык келишимдер көңүл жылытат, жыл сайын жакшырып барууда.

КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн, Ош шаарынын мэриясынын, КР ӨКМнин Ош облусу жана Ош шаары боюнча башкармалыгынын, Мамлекеттик салык кызматынын, Мамлекеттик статистика башкармалыгынын, мамлекеттик архивдеринин, Ош облустук сот департаменти башкармалыгынын, Ош облустук юстиция башкармалыгынын жамааттык келишимдери заманбап талаптарга жооп берет. Аларда иштеген кызматкерлердин жол киреси жана тамак ашы, топ акча каражаты жумшалган. Ага карабастан, айрым райондук профкомдордун төрагаларынын кеңештери, баштапкы профсоюз уюмдары кемчиликтерге жол берүүдө.

Жамааттык келишимдерге ылайык, аткарылуучу иш-чараларды коомдук текшерүү толук жетишээрлик болбой жатат.



мааракe даталарына, кесиптик майрамдарга карата сыйлыктар, эмгекке убактылуу узакка жарабай калганда материалдык жардамдар, бала төрөлгөндө, турмуш курганда жооп берилип жана ал күндөр үчүн эмгек акы төлөнүүсү, иштеп жаткан жаштар үчүн тиешелүү бөлүмдөр каралган. Бул бөлүмдөрдө жаштардын билимин жана квалификациясын жогорулатуу багытында окуу үчүн берилген эмгек өргүүлөрүн төлөп берүү, карьералык өсүүсүнө көмөк көрсөтүү, жаш энелер үчүн жумушчу күнүн кыскартуу, эки жумага чейин акы төлөнбөөчү эмгек өргүүсүнө чыгуу ж.б. жеңилдиктер каралган. Жамааттык келишимдерге ылайык, эмгекти коргоо, имаратты оңдоо, кышкы-күзгү мезгилге даярдануу маселелери чечилет.

Райондук профкомдордун төрагаларынын кеңештеринин жана баштапкы профсоюз уюмдарынын маалыматы боюнча 2025-жылы жаматтык келишимдердин иш-чараларын аткарууга бир 2025- жылы кабыл алынган 3909 пункттун 195и аткарылбай калган же 5%ды түздү. 2023 - 2025-жылдарга карата КР Жогорку Сотунун Ош облустук сот департаменти башкармалыгынын, Ош облустук статистика башкармалыгынын, Ош юстиция башкармалыгынын жана КР Архив кызматынын Ош регионалдык башкармалыгынын кызматташуу боюнча макулдашуусу ишке ашты жана өз ара милдеттери аткарылды.

Профсоюз мүчөлөрүнүн эс алуулары боюнча айтсак, 2025-жылы Жалал-Абад, "К.Мамакеев", "Жыргалаң" санаторийлери жана "Ысык Көл" эс алуу үйү менен келишим түзүлдү. Бул эс алуу жайларынан профсоюздун каражатына 1 481,0 миң сомдук жолдомо сатып алынды жана 195 профсоюз мүчөлөрү жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү ден соолугун чыңдашты.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик, муниципалдык мекемелеринин жана коомдук тейлөө кызматкерлеринин профсоюз уюмдарынын Борбордук комитетинин өкүлчүлүгү тарабынан Ош облусунда райондук профкомдордун төрагаларынын кеңештеринин жана баштапкы профсоюз уюмдарынын жамааттык келишимдердин сапаты жана алардын аткарылышынын жыйынтыктарын талкуулоо боюнча кампанияларды уюштуруу, кемчиликтерин четтетүүдө практикалык жана методикалык жардам көрсөтүү боюнча иштерди жаңы деңгээлге көтөрүү боюнча чаралар көрүлүүдө.

2025- жылдын 22- март күнү ККБФ төрагасы Мурадил Джумадилде уулу КР Министрлер Кабинетинин төрагасы-КР Президентинин администрациясынын жетекчиси Касымалиев Адылбек Алишович менен жолугушуп, үч тараптуу КР МК, ККБФ жана Республикалык жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелеринин ортосунда 2025 – 2027 жылдарга Башкы макулдашууну түзүү жана кызматташуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүштү. Республикабыздын жогорку мамлекеттик органдарында, атап айтсак КР Президентинин администрациясынын, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жамааттарында баштапкы профсоюздук уюмдары кадимкидей эле ишмердигин улантып келе жаткандыктары бизди кубантат.

Профсоюздук уюмдардын негизги ишмердиги санаторийлик-курорттук жолдомолор менен камсыз кылуу эле эмес, алардын эң негизги жаралышынын багыты кызматкерлердин, жумушчулардын социалдык-экономикалык, эмгектик укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо болуп саналат. Азыркы ККБФ жаңы, көбүнчө жаштардан турган жетекчилигинин астында жалпы профсоюз уюмдарында чоң өзгөрүүлөр, реформалар ишке ашырылып, алардын ишмердиги негизинен кызматкерлердин, жумушчулардын укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого багытталган.

Жазып алган:
К.Кыдыралиева.

АЙБАРЧЫН ЖЕТЕКТЕГЕН АК-ЖАРДАГЫ АЛТЫН УЯ

Өзүнүн кесипкөйлүгү, адамгерчилиги жана жетекчилик сапаты менен айырмаланган инсандардын бири Тургунбаева Айбарчын Жеңишбековна. Айбарчын Тургунбаева Ош шаарына караштуу Учар конушунда 1980-жылдын 28-майында жарык дүйнөгө келген. Жогорку билимдүү. Ал ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетин аяктаган. Шаардагы №41 Х.Абдуллаев, №46 орто мектептерде мугалим болуп иштеген. 2019-жылдан тартып Кара-Суу районунун Жоош айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Жар айылындагы №52 З.Төрөбеков атындагы орто мектепте социалдык педагог, кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими, ошондой эле директордун окуу бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалап, мектептин өнүгүшүнө зор салым кошкон. 2025-жылдын июнь айында өткөн директорлордун ачык сынагынан ийгиликтүү өтүп, Айбарчын Тургунбаева №52 З.Төрөбеков атындагы орто мектептин директору болуп дайындалган. Анын демилгелери менен мектеп жаңыча дем менен иш алып барууда. Ал көптөгөн кароо-сынактарга катышып, байгелүү орундарды багындырган, бир канча Ардак грамоталардын ээси. Кандай гана ийгилик болбосун, анын артында бекем үй-бүлө, түшүнүү жана колдоо турат. Жолдошу жеке ишкерлик менен алектенет. Айбарчын Тургунбаева мыкты педагог жана жетекчи, ошондой эле алты баланын мээримдүү апасы, небере жытын искеген бактылуу таене.



Кара-Суу районунун Жоош айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Жар айылындагы №52 З.Төрөбеков атындагы орто мектепке барып, анын директору Айбарчын Тургунбаева менен баарлашып кайтканбыз.



МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮҮ ЧОҢ ЖЕҢИШ

№52 З.Төрөбеков мектеби эки кабаттуу болуп, 200 окуучуга ылайыкташкан. Учурда 298 окуучу эки нөөмөт менен билим алышат. Мектеп бүтүрүүчүлөрүн жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоодо директор айымдын демилгеси менен шаардагы «Рекорд» окуу борбору менен келишим түзүлгөн. «Учурда 13 бүтүрүүчүбүз ЖРТга даярданып жатат. Негизи окуучуларыбыздын басымдуу бөлүгү босого баллдан өтүп, жогорку окуу жайды аяктагандар көп. Азыр сырттан окуу процесси кирип калгандыктан 11-класстын окуучулары бизде болбой келген. Азыр эми эки жылдан бери бүтүрүүчү класстарыбыз бар, кубанганыбыздан алардын мыкты балл алышына шарттарды жаратып жатабыз. Негизинен башка окуу борборлору кымбат болгондуктан, «Рекорд» окуу борборунун жетекчилигинен суранып, ата-энелердин чөнтөгүнө ылайыкташкан сумма менен окутуп берүүлөрүн өтүнүп, кайрылуу жаздым эле. Мына ошонун акыбети кайтып, окуучуларыбызды мектепке келип окутуп, даярдап берип жатышат»-дейт директор айым. Аталган окуу борбору окуучуларды олимпиадага да даярдап келет. Учурда Айгерим Бопокоева физика предметинен, Алихан Алайбеков информатика сабагынан райондук турга катышып келишкен. «Эмгек кылсаң, үзүрүн көрөсүң демекчи, мээнетибиз алдыда кайтат деп үмүттөнөбүз. Зоналдык турдан чыкпай келсек, учурда райондук турга катышып калдык. Албетте, акырындан алдыга жылыштар байкалып жатат»-дейт Айбарчын Жеңишбековна.

Мектепте ысык тамак уюштурулуп, 147 окуучу тамактанат. БУУнун ДАТП программасы аркылуу витаминдүү азыктар берилип келүүдө. «Буга чейин ата-энелер ысык тамак үчүн 200 сомдон жыйнап келишкен. Мен директор болуп келгенден кийин бул ишке чекит койдум. Азыр бир чака тыйын да топтоттурбайм. Мамлекет тарабынан берилген азыктар менен бирге чет элдик уюмдун азык-түлүгү жетишээрлик экенин тастыктадым»-дейт директор. Ошондой эле, мектептин сыймыгына айланган окуучулар менен ар дайым сыймыктанып келишет. Райондук балдардын чыгармачыл борборунун кружоктору да бул мектепте жандуу жүргүзүлүп келет. Аталган борбор тарабынан уюштурулган ар кандай сынактарга катышкан окуучулар алдыңкы орундарды алышып келишүүдө. Спорт тармагынан да ийгиликтер арбын.

ДЕМӨӨРЧҮ ТАБУУ ДЕМИЛГЕСИ

Айбарчын Тургунбаева «чү» дегенде эле мектептеги окуучулардын коомдук-коопсуздугун камсыздоо, окуу процессин көзөмөлдөө, тартипсиздикти жоюу максатында мектепке видеобайкоо орноткон. Жетпеген каражатты жеке ишкер Арслан Шүкүрүллаев колдоп, берген. Андан сырткары ушул эле Арслан мырза бир компьютер комплектисин мектепке белек кылган. Дагы бир жеке ишкер Данияр Сулайманов учурда мектептин айланасындагы айдоо жерлерди трактор менен айдагандын чыгымына кол кабыш кылган болсо, тракторист мектеп бүтүрүүчүсү акысыз айдап берген. Ал жерге беде чөбүн сээп, андан түшкөн кирешеге мектептин керек-жарак иштерине жаратууну пландап жатканын айтат Айбарчын Тургунбаева. Ошондой эле, Жоош айыл өкмөтү кышында электр жарыгы өчкөн убакта окуу процесси үзгүлтүккө учурабашы үчүн генератор жана окуу процессине акылдуу доска белек кылышкан. Мектептин айланасын көрктөндүрүүдө айыл өкмөтү гүл көчөттөрүн алып берип, ал гүлдөр мектептин айланасындагы гүлзар багына тигилди.

СООП ИШТЕРГЕ СЕБЕПЧИ ДИРЕКТОР

Социалдык абалды жакшыртууга, өзгөчө жардамга муктаж үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүүнү жүрөгү менен жактырган директор Айбарчын Тургунбаева демөөрчү издегенден, кайрылуу жазгандан жадабайт. Анын бул мүнөзү көпчүлүк тургундарга пайдасы тийип жатканын байкадык. Мисал катары айтсак, «Элим барсыңбы?» кайрымдуулук фондуна жазган кайрылуусунун негизинде мектепке декоративдүү жана мөмөлүү даректардын көчөттөрү берилип, айлананы жашылдандыруу иштери мыкты жолго коюлду. Аталган фонд жылда аз камыз болгон 40 окуучуну окуу куралдары, кийим-кечектер менен камсыздап келет. Ошондой эле техникалык кызматкерлерге да мындай жардамдар үзгүлтүксүз берилип турууда. Ал эми окуучуларга жаңы жыл майрамына карата уюштурулган оюн-зоок программасына жолдонмо берилип, окуучулар көңүл ачып, белектерди алып келишет. Мугалимдер үчүн концерттик билеттер берилип, эс алууларын камсыздап беришүүдө.

«Элим барсыңбы?» кайрымдуулук фонду менен тыгыз иштешүүнү колго алган Айбарчын Тургунова бир гана окуучуларга жардам колун сунбастан, мектептин орус тили мугалими, жалгыз бой эне Гүлипа Мамиеванын үйлүү болуусуна себепкер болгон. Дегенибиздей, Айбарчын айым демилге көтөрүп, аталган фондго кайрылуу жазып, мына ошонун алкагында эжекеге үй куруп берилген. Мына ушундай чоң сооп ишке себепчи болгон директор айымдын эмгегине суктанбай койбодук. Белгилей кетсек, маек учурунда Гүлипа Мамиева да Айбарчын Тургунованын жасаган эмгегине ыразычылык билдирип, ушундай сооп иштерге көп аралжы болгонуна ырахматын билдирип өттү.

Бир ишти баштаса аны жүзөгө ашырмай сайын тынымды билбеген директор айым мектептин айланасын жашылдандырууга, сугат суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылууну пландап, атайын суу кудугун чыгарткан. Учурда мектептин айланасында суу жетиштүү болуп, аны керегине пайдаланып келишүүдө. Айбарчын Тургунбаева бардык демөөрчүлөргө ыраазычылыгын билдирип өттү.

АК-ЖАРДЫН АГАРТУУЧУЛАРЫ

Мында жалпы 28 мугалим иштейт. Кадр маселеси дээрлик жетиштүү. Калдарбек Султанов, Угулхан Аюлчиева, Бүсайра Раимкулова, Жыпаргүл Боронова, Калмамат Сеитов агай-эжейлер “КР Билим берүүсүнүн мыктысы” төш белгисинин ээлери. Ал эми Суусар Арыкбаева, Пазилат Арыкова, Дилбар Кабылова эжейлер билим берүү тармагында үзүрлүү иштеп келаткандар. Тажрыйбалуу педагогдордун арасын жаш кадрлар да толуктап келүүдө.

Н.ӨМҮРЗАКОВА.

Угулхан Аюлчиева мугалим:



Айбарчын Жеңишбековна менен көп жылдан бери иштешип келатабыз. Ал билим, тажрыйбасынын мыктылыгынан сынактан утуп келип директорубуз болуп иштеп жатат. Ушунча жылдык тажрыйбамда дээрлик көп директорлор менен иштештим. Бирок, Айбарчын Жеңишбековна социалдык көйгөйлөргө көп көңүл бөлгөнүнө ичим жылып жүрөм. Себеби, кандай директор келбесин өзүнүн деңгээлине жараша иш аткарат эмеспи. Айбарчын тынымды билбейт, коомдук уюмдар менен демөөрчүлөр менен иштешкенди мыкты жолго койгон жетекчи болду. Аярлуу топтун өкүлдөрүнө, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө колунан келген жардамын аябай келатат. Билим сапатты жогорулатуу үчүн да окуу борборлорду тартып, бардыгына ыңгайлуу шарттарды жаратып атат. Биз директорубуз менен сыймыктанабыз.

ГЛЮКОЗА – ЖАШОО ЭНЕРГИЯСЫ

Глюкоза-жашоо энергиясынын булагы(3С 1Е модели)

Химия сабагында кургак формулаларды жаттатпай, ар бир теманы окуучунун жүрөгүнө жеткирүү-менин негизги максатым. Бул мен үчүн өз тажрыйбамда 3С+1Е (сүрөттөө, сезүү, суктануу жана эксперимент) моделин колдонуп келем. Төмөндө "Глюкоза" темасындагы заманбап жана интерактивдүү сабактын иштелмесин сунуштайм.

Сабактын темасы: Глюкоза –жашоо энергиясы.

Сабактын максаты: Окуучуларды глюкозанын химиялык табиятын заманбап технологиялар жана тажрыйбалар аркылуу терең изилдөөгө багыттоо менен алардын илимий дүйнө таанымын калыптандыруу жана табияттын кубулуштарына суктануу, табият менен таттуу мамиледе болуу сезимин ойготуу.

1С: Сүрөттөө (дүйнөнү таануу)

Сабакты окуучунун фантазиясын ойготуу менен баштайм. Биз глюкозанын түзүлүшүн жөн эле доскага чийбестен, заманбап технологиялардын жардамы менен тирилтебиз.

Иштин жүрүшү: Окуучуларга акылдуу программаларды (Жасалма интеллект) колдонуп, глюкозанын молекуласын ар кандай образга окшоштуруп сүрөттөп берүүнү тапшырам. Мисалы, бир окуучу аны "энергия станциясына" окшотсо, экинчиси "күн нуруна катылган казынасы" катары сүрөттөйт. Бул ыкма окуучунун химиялык затты образдуу кабыл алуусуна шарт түзөт.

2С: Сезүү (турмуштук байланыш)

Глюкоза бизге кандай таасир берет? Муну сезүү үчүн жөнөкөй мисалдарды келтиремин.

Байкоо: Мээбиз чарчаганда эмне үчүн таттуу жегибиз келет? Экзамен учурунда эмне үчүн шокалад сунушталат? Окуучулар менен биргеликте глюкозанын организмдеги "отун" катары кызматын талкуулайбыз. Жасалма интеллекттин жардамы менен глюкозанын кандагы деңгээли адамдын маанайына кандай таасир этерин изилдеп, маалыматтарды талдайбыз. Бул учурда химия медицина жана жашоо менен түздөн-түз байланышат.

3С: Суктануу (табияттын керемети)

Бул этапта фотосинтез процессине –табияттын эң чоң лабораториясына суктанабыз.

Интерактив: Күн нурунун энергиясы кантип химиялык байланышка айланып, биз жеп жаткан мөмө-жемишке айланарын визуалдык түрдө көрсөтөбүз. Окуучулар глюкозанын жаратылыштагы айлануусуна суктануу менен карап, "Эгер, глюкоза болбосо, жашоо кандай болмок?" деген суроонун тегерегинде ой бөлүшөт. Бул жерде биз химиянын эстетикалык жана баалуулук тарабын ачабыз.

1Е:Эксперимент (илимдин күчү)

Теорияны практика менен бекемдебей туруп, химияны элестетүү мүмкүн эмес.

Тажрыйба: Биз глюкозанын функционалдык топторун далилдөө үчүн "Күмүш күзгү " реакциясын жасайбыз. Пробирканын бетинде күмүш пайда болгондо окуучулардын көзүндөгү таң калуусу жана кубанычы–сабактын эң жогорку чекити.

Заманбаптык: эгер, лабораторияда мүмкүнчүлүк чектелүү болуп калса биз санариптик лабораторияларды колдонуп, реакциянын молекулярдык деңгээлде кандай жүргөнүн компьютердик симуляция аркылуу көрөбүз.

Баалоо: Зипгрейт программасы аркылуу окуучулардын сабактын түшүнгөнүн, кайтарым байланыш кылуу.

Баалоо шкаласы: 70-80 % –"5" (эң жакшы); 50-70%–"4" (жакшы); 40-60%-"3" (канааттандырарлык).

Тапшырма:Глюкозанын молекулалык моделин үйдөгү каражаттардан (пластилин, ширеңкенин талдары же түстүү кагаздар) жасап келишет. Корутунду: Бул ыкма менен өтүлгөн сабак окуучунун эсинде өмүр бою калат. Жасалма интеллектти туура багытта колдонуу менен биз окуучунун маалымат издөөгө, аны талдоого жана эң негизгиси –илимге суктанууга үйрөтөбүз. Химия –бул жөн эле формула эмес, бул биздин жашообуз.

Кулпунай Рахманкулова,
Ноокат районундагы
М. Кудайбердиев атындагы
жалпы билим берүү мектебинин
химия мугалими.

Жарыялар

Акционер чогулушу

АК "Карасусельхозтехника" 2026-жылдын 2-майында саат 11-00дө акционерлердин жалпы жылдык чогулушун өткөрүү жөнүндө жарыялайт. Дареги: Кара-Суу шаары, Культурная көчөсү-29.

Күн тартиби:

1.Эсептөө комиссиясын шайлоо

2.2025-жылдын финансы-чарбалык ишмердүүлүк жөнүндө отчету. Балансты кире ше чыгашалардын эсебин бекитүү.

3.Кирешени бөлүштүрүү тартиби

4.Текшерүү комиссиясынын отчету жана аудитордун жыйынтыгы

5.2026-жылдын бюджетин бекитүү.

6.Ички аудиторду шайлоо

7."Карасусельхозтехника" АКнун уставын КРнын мыйзамына ылайык бекитүү.

Собрание акционеров

ОАО УСМ «Водстрой» проводит общее собрания акционеров в которой состоится 30 апреля 2026 года в 12-00 часов по адресу г.Ош, Наукатский тракт 6-й км, в здании ОАО УСМ «Водстрой» с повесткой дня:

1. Выборы счетной комиссий

2.Отчет директора о финансово- хозяйственной деятельности за 2025год.

3.Отчет ревизионной комиссии за 2025 год.

4.Утверждение годового баланса, счет прибылей и убытков.

5. Распределение прибыли за 2025 год.

6.Утверждение годового бюджета на 2026 год.

7. Заключение договор с Аудитором.

8.О реализации и списании основных средств.

9. Внесения изменения Устав.

10.Дача согласия исполнительному органу выставление в залог имущества и денежные средства ОАО УСМ «Водстрой»

а) для получения банковской гарантий на участие в тендерах;

б) для получения банковской гарантий на выполнения контракта;

в) для получения банковской гарантий на авансовые платежи;

г) на получения кредита; во всех банках Кыргызстана.

Оповещение акционеров обеспечить дирекция ОАО УСМ «Водстрой»

Оповещение акционеров обеспечить дирекция ОАО УСМ «Водстрой». Собрания состоится в здания ОАО УСМ «Водстрой» в 12-00 часов регистрация в 11-00 просим акционеров явиться в собрания с паспортом.

СОБРАНИЕ АКЦИОНЕРОВ

ОАО «МСПМК-2» сообщает о проведении очередного годового общего собрание акционеров, которое состоится 14-00 часов 19 мая 2026 г. по адресу г. Ош, ул.Кукумбия 79. Начало регистрации 13-00 часов.

Повестка дня:

1.Выборы Счетной комиссии.

2. Отчет директора по финансово-хозяйственной деятельности за 2025г.

3. Отчет ревизионной комиссии.

4. Утверждение годового баланса, счета прибыли и убытки.

5.Распределение прибыли за 2025-год

6.Утверждение годового бюджета на 2026-год.

7. О внесении изменений в Устав Общества.

8. Выборы Директора.

9. О заключении договора с аудиторской компанией за 2026-год.

10.О реализации и списании основных средств.

11. Дача согласия исполнительному органу на выставление в залог имущества и денежные средства ОАО «МСПМК-2»:

А) для получения банковской гарантии на участие в тендерах

Б) для получения банковской гарантии для контракта

В) для получения банковской гарантии на авансовые платежи

Г) на получение кредита во всех банках Кыргызстана.

Справки по тел.: 3222 6 29 72

АКЦИОНЕРЛЕР ЧОГУЛУШУ

«МСПМК-2» ААКсы 2025-жылдын 19-майында саат 14-00дө Ош шаары Кокумбий көчөсү-79 дареги боюнча акционерлердин жылдык жалпы чогулушу өтөөрүн маалымдайт. Каттоо саат 13-00до башталат.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.

2. Директордун 2025-ж. карата отчету.

3. Текшерүү комиссиясынын отчету.

4. Жылдык балансты бекитүү, кирешечыгаша эсеби.

5. 2025-жылдын кирешесин болуштуруу

6. 2026-жылдын бюджетин кабыл алуу.

7. Коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү.

8. Коомдун директорун шайлоо.

9. Аудитордук компания менен 2026-жылга келишим түзүү.

10. Коомдун негизги каражаттарын сатуу жана жокко чыгаруу

11. Банктан кредит алуу үчүн жана тендерге катышуу үчүн коомун мүлкүн күрөөгө коюуга аткаруу органына уруксат берүү.

А) Тендерге катышуу үчүн банктык гарантия алуу.

Б) Келишимди аткаруу учун банктык гарантия алуу.

В) Аванстык которууларга банктык гарантия алуу.

Г) Кыргызстандагы бардык банктардан кредит алуу.

Маалымат үчүн тел.: 3222 6-29-72

Акционер чогулушу

«Алай – Айылкурулуш» акционердик коому 2026-жылдын 16-май күнү саат 11:00дө акционерлердин жылдык жалпы чогулушун өткөрүүнү жарыялайт. Дареги: Ош облусу Алай району Гүлчө шаары Нарматов көчөсү №1.

Күн тартиби:

1. 2025-жылдын каржы-чарбалык иштери боюнча отчет.

2. Жылдык балансты, кирешe жана чыгаша эсептерин бекитүү.

3. Текшерүү комиссиясынын 2025-жыл үчүн отчету.

4. Кирешени бөлүштүрүү тартиби.

5. 2026-жылдын бюджетин бекитүү.

6. Текшерүү комиссиясын шайлоо.

Акционерное общество «Алай – Айылкурулуш» объявляет о проведении годового общего собрания акционеров, которое состоится 16 мая 2026 года в 11:00 часов по адресу Ошская область Алайский район город Гульча улица Нарматова 1.

Повестка дня:

1. Отчет о ФХД за 2025 год.

2. Утверждение баланса, счета прибылей и убытков.

3. Отчет ревизионной комиссии за 2025 год.

4. Порядок распределения прибыли.

5. Утверждение годового бюджета на 2026 г.

6. Выборы правления.

7. Выборы ревизионной комиссии.

"Ошавтоучкомбинат" ачык акционердик коому

2026-жылдын 13-май айында жылдык жалпы чогулушун Ош шаарындагы "Ошавтоучкомбинат" акционердик коомунун имаратында өткөрөт. Дареги: Ош шаары Памирский тракт 1 км. Акционерлерди каттоо: 12-00 дө.

Чогулуш 13-00 дө башталат.

К Ү Н Т А Р Т И Б И :

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү

2. Акционердик коомдун директорунун 2025-жылдын финансы-чарбалык-ишмердүүлүк отчетун бекитүү.

3. Текшерүү комиссиянын 2025-жыл боюнча отчету.

4. 2025-жылдын кирешелерин жана чыгашаларын бекитүү.

5. 2026-жылдын бюджетин бекитүү.

6. Текшерүү комиссиянын мүчөлөрүн шайлоо.

7. Аудитор менен келишим түзүү.

***

АООТ "Ошавтоучкомбинат" сообщает о проведении годового общего собрания акционеров, которое проводится 13 мая 2026 года 13-00 часов (регистрация акционеров 12-00 часов) в здании общества по адресу:

г.Ош Памирский тракт 1 км.

Повестка дня:

1. Избрание счетной комиссии.

2. Отчет директороа общества о финансово-хозяйственной деятельности общества за 2025 год.

3. Утверждение годового баланса и счета прибылей и убытков.

4. Отчет ревизинной комиссии.

5. Утверждение годового бюджет на 2026 год.

6. Выборы состав ревизионной комиссии

7. Выборы аудитора для проверки финансово-хозяйственной деятельности общества.

ххх

АО «Асфальтобетон» проводит общее годовое собрание акционеров, которое состоится 4 мая 2026 г. в 11.00 часов по адресу: г.Ош, Андижанское шоссе, 4-й км.

Повестка дня:

1. Выборы счетной комиссии.

2. Отчет правления о ФХД за 2025г. Утверждение бухгалтерского баланса.

3. Порядок распределения прибыли.

4. Отчет ревизионной комиссии.

5. Утверждение годового бюджета на 2026 год.

6. Приведение Устава АО в соответствии с законодательством.

7. О списании основных средств.

ххх

«Асфальтобетон» АК 2020-жылдын 4-майында саат 11.00-дө акционерлер үчүн жалпы чогулушун өткөрөт. Дареги : Ош шары, Андижан көчөсү, 4 км.

Кун тартиби:

1. Эсептөө комиссиянын шайлоо.

2. 2025-жылдык финансы жана чарбалык иштер боюнча башкармалыктын, коомдун балансты бекитүү.

3. Кирешени бөлүштүрүү тартиби.

4. Текшерүү комиссиянын отчету.

5. 2026-жылдын бюджеттин бекитүү.

6. АК уставын мыйзамга ылайык келтирүү.

7. Негизги каражаттарды сатуу тууралуу.

(уландысы 7-бетте)

(башталышы 6-бетте)

Аукцион

Кара-Кочкор айыл аймактык айыл өкмөтү тарабынан Калпак участкасында жайгашкан айыл чарба багытындагы 13.7 га жер тилкелери үчүн аукцион аркылуу 5 жылдык мөөнөткө ижарага берүү тууралуу жарыяланат. Арыздарды жана документтерди кабыл алуу , массалык маалымат каражаттарына жарыя берилген күндөн тартып 30 күн аралыгында жана аукцион өткөрүлө турган күнгө 5 күн калганда, арыздарды жана документтерди кабыл алуу токтотулат.

Аукционго катышуу үчүн тапшырылуучу документтер;

1) Арыз
2) Паспорттун көчүрмөсү
3) Кепилдик төлөмдүн квитанциясы
4) Эгерде документтерди өзүнүн өкүлү аркылуу тапшырса, нотариалдык күбөлөндүрүлгөн ишеним кат жана өкүлдүн паспортунун көчүрмөсү талап кылынат.

1.Сугат айдоо 1(бир) лоттун баштапкы баасы 4 000 сом, арымы 500 сом

2.Кайрак айдоо жерге 1(бир) лоттун баштапкы баасы 2000 сом, арымы 200 сом,

Арыздарды кабыл алуу дареги: Кара-Кочкор айыл өкмөтүнүн имараты.

Байланыш телефону: 0779 50-04-15

Акционер чогулушу болуп өткөндүгүн маалымдайт

Пазыл Саипжанов атындагы «Тулпар» ААК-мунун Директорлор кеңеши, акционерлердин жалпы жыйыны 2026-жылдын 3-апрель күнү саат 10.00-дө коомдун жыйындар залында өткөрүлгөндүгү жөнүндө кабарлайт. Дареги; Өзгөн шаары, Ленин көчөсү-49.

КҮН ТАРТИБИ:

1.Жыйналыштын эсептөө комиссиясынын курамын шайлоо. Абдурахманов А. Турдиев Х. Солпуев Э. Макул- 99,56%, Каршы- 0%, Калыс- 0,0044%.
2.Коомдун башкармалыгынын 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча отчетун бекитүү.

Макул-99.56%,
Каршы-0,%
Калыс-0,0044%.

3.Коомдун 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча текшерүү үчүн жана көз карандысыз аудитордун отчетторун бекитүү.

Макул- 99.56%,
Кары- 0.%,
Калыс-0,0044%.

4.Коомдун 2025-жылдык балансын, кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетун бекитүү.

Макул-99.56%,
Каршы-0.%,
Калыс-0,0044%.

5.Коомдун 2024-жылдагы кирешесин бөлүштүрүү жана дивидентин өлчөмүн бекитүү.

Макул-99.56%,
Каршы-0.%,
Калыс-0,0044%.

6.Коомдун 2026-жылга бюджетин бекитүү.

Макул-99.56%,
Каршы-0.%,
Калыс-0,0044%.

7.Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнүн төлөнүп берилүүчү компенсациялардын өлчөмүн бекитүү.

Макул-99.56%,
Каршы-0.%,
Калыс-0,0044%.

8.Коомдун аудиторун дайындоо. Макул-99.56%, Каршы-0.%, Калыс-0,0044%.

9.Директорлор кеңешинин 17-ноябрь 2025 жылкы отурумунун № 15 протоколун бекитүү.

Макул -99.56 %
Каршы-0. %
Калыс-0,0044%.

ОБЬЯВЛЕНИЕ

Совет директоров ОАО «Тулпар» им.Пазыла Саипжанова сообщает, что 3-апреля 2026-года в 10.00 часов, по адресу г.Узген ул. Ленина-49 в зале заседаний общества, состоялось общее собрание акционеров по итогам 2025 года, форма очная.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1.Избрание счетной комиссии собрания.

За-99,56%, против- 0%, воздержались- 0,0044%

2.Утверждение отчета Правления общества по итогам 2025-года.

За-99.56%, против-0.%. воздержались-0,0044%

3.Утверждение отчета ревизора и заключения независимого аудитора по итогам 2025 года.

За-99.56%, против-0.%, воздержались-0,0044%

4.Утверждение отчета о доходах и расходах,а так-же баланса за 2025 год.

За-99.56%, против-0.%, воздержались-0,0044%.

5.Утверждение порядка выдачи дивидентов и распределение прибыли по итогам 2025года.

За-99.56%, против-0.%, воздержались-0,0044%

6.Утверждение бюджета Общества на 2026 год.

За-99.56%, против-0.%, воздержались-0,0044%.

7.Утверждение обьема выплачиваемой компенсации членам Совета директоров.

За-99.56%, против-0.%, воздержались-0,0044%

8.Назначение аудитора Общества За-99.56%, против-0.%, воздержались-0,0044%.

9.Утверждение протокола заседания Совета директоров от 17-ноября 2025 года за № 15.

За- 99.56%, против-0.%, воздержались-0,0044%.

«Ошайылкурулуш» АТАК

2026 жылдын 2 май куну саат 14.00 Ош ш. Масалиев проспектиси 73 дарегинде жайгашкан имаратында акционерлердин жылдык жалпы чогулушуөткөрүлгөнү билдирет.

Чогулуштун повесткасы:

1.Эсептоо комиссиясын шайлоо.
2.2025 жылдагы каражат-чарбалык ишмердуулук жонүндо правлениенин отчету.
3. Текшерүү комиссиясынын 2025 жыл үчүн отчету.
4. Пайданы болуштуруу.
5. 2026 жылдын бюджети бекитилме.
6. Правлениенин мүчөлөрү жана правлениенин торагасын шайлоо.
7. Ревизиондук комиссиясынын мүчолорүн шайлоо.
8. "Ошайылкурулуш" коомунун уставын колдонуудагы мыйзамдарга ылайык келтируу жөнүндө.
9.Аудитор фирмасын шайлоо.
10. Мурунку жыйындын чечимин жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алуу. (26.04.25 ОСА протоколунун 8-пункту).

АООТ «Ошайылкурулуш»

2 мая 2026 года в 14 часов проводит общее годовое собрание акционеров АООТ «Ошайылкурулуш» по адресу г. Ош, проспект А. Масалиева 73, 2 этаж

Повестка дня:

1. Выборы счетной комиссии.
2. Отчет правления об итогах финансово-хозяйственной деятельности за 2025 год.
3. Отчет ревизионной комиссии за 2025 год.
4. О порядке распределения прибыли и выплаты дивидендов.
5. Утверждение бюджета на 2026 год.
6. Выборы членов правления и председателя правления общества.
7. Выборы членов ревизионной комиссии.
8. Приведение Устава АООТ «Ошайлкурулуш» в соответствии с законодательством.
9. О назначении аудитора.
10.Принятие решения об отмене решения предыдущего собрания(п.8 протокола ОСА от 26.04.25

***

ОсОО «Азия Органикс» объявляет тендер В рамках проекта ПРЭР (финансирование АРИС) приглашаем поставщиков предоставить котировки на: Лот №1: Малотоннажный грузовой автомобиль (пикап, гибрид) — 1 шт..Предложения принимаются на e-mail: asia.organics.kg@gmail.com до 14:00, 24 апреля 2026 г..

ОАО «УСТА» извещает акционеров, что:

- 04.04.26г.в г. Ош, по ул. Атабаева, б/н состоялось открытое общее годовое собрание акционеров ОАО «УСТА».
- Количество владельцев акций - 37, средне-годовое количество работников −36 чел. .
- Кворум составил _76,35 % .

По повестке дня:

1. Избрали счетную комиссию
2. Заслушали и утвердили Отчет ген. директора о ФХД за 2025 год и утверждение годового баланса, счета прибылей и убытков за 2025г.
3. Заслушали и Утвердили Отчет рев. Комиссии.
4. Утвердили Порядок распределения прибыли.
5. Утвердили бюджет на 2026 г.- 50,0млн. сом.
6. Избрали членов ревизионной комиссии в старом составе.
7. Выбрали аудитора : ОсОО «Шапы Аудит».
8. Дали согласие на имущественный залог.
9. Дали согласие на право подписи подписания контрактов.
10. Дали согласие на подписание кредита.
11. Дали согласие на продажу, приобретение и списание основных средств.
12. Внесение изменений и дополнение в Устав ОАО «Уста»

Все вопросы повестки дня рассмотрены с положительными 100% решениями.

- На дивиденды направлено 82,3тыс. сом, или 30% от чистой прибыли;
- На развитие производства - 137,2,0тыс.сом от чистой прибыли
- Размер дивиденда на 1 акцию составляет 19,21 сом
- Выплата будет производиться в денежном выражении по адресу: г. Ош, ул.

Атабаева, 146а. Тел. 0500 140 118

Отчет о финансовом положении ОАО «УСТА» на 31.12.25г. (тыс. сом)

Код строк		На начало отчетного периода	На конец отчетного периода
	Активы	26224,1	23393,7
100	Оборотные активы	21073,6	17171,3
200	Вне оборотные активы	5150,4	6222,4
	Обязательства и капитал		
300	Краткосрочные обязательства	8567,6	3684,3
400	Долгосрочные обязательства	0	0
	Итого обязательства	8567,6	3684,3
	Собственный капитал	51,4	51,4
511	Уставный капитал	104,7	104,7
524	Капитал авансированной собственности	9266,9	9266,9
530	Нераспределенная прибыль	8233,4	10286,4
540	Резервный капитал	0	0
599	Итого обязательства и собственный капитал	26224	23393,7
Отчет о совокупном доходе за 2024 год			
	Выручка	98902,3	20723,25
	Операционные расходы	98342,3	20418,41
100	Прибыль/ убыток (30± 60 -90)	560,0	304,8
160	Прибыль/убыток до вычетов налогов (100±150)	560,0	304,8
170	Расходы по налогу на прибыль	56,0	30,4
180	Прибыль от обычной деятельности (160-170)	504,0	274,4
1261, 2200	Чистая прибыль/ убыток отчетного периода (180±190)	504,0	274,4

Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
М. Жуманазаров

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 398
Нускасы: 1800

ӨТКӨН ЖЫЛДАГЫ ИЙГИЛИКТЕР БЫЙЫЛ ДА УЛАНАТ

Кийинки жылдарда өлкөбүздүн экономикасы туруктуу өнүгүүгө ээ болуп, республиканын бардык аймактарында жолдор сапаттуу оңдолуп жатат. Жакында биздин кабарчыбыз Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жол чарба департаментинин №5 регионалдык бөлүмүнүн жетекчиси Абдыганы Турдукуловго жолугуп, Ош облусунун аймагында жүргүзүлгөн жумуштар боюнча маектешкен.

-Абдыганы Садирович, калк айтса, калп айтпайт эмеспи. Алар жол тейлөөчүлөрдүн даregине жылуу пикирлерин айтып жаткандыгын угуп жүрөбүз. Сөз башатын өткөн жылдын жыйынтыгы менен баштасак?

-Өткөн жылы өтө көп жакшы жумуштар аткарылды. Титулдук планга кирген 114,5, капиталдын салымдар беренеси боюнча 295,4 км жол толугу менен асфальтталып, жалпысынан алганда 404,9 чакырым жол пайдалануга берилди. Капиталдын салымдар беренеси боюнча 295,4 км, Кыргыз Республикасынын Президентинин турукташтыру фондунун каржылоосу менен Ош-Баткен-Раззаков автожолуна 28, Өзгөн-Мырзаке-Кара-Кулжа-Алайкуу автожолуна 34 км асфальт төшөлдү. Жыл ичинде 2 323 325,3 миң сомдук орто жана учурдагы оңдоп түзөө жумуштары аткарылган. Анын ичинде 48 500 чарчы метр аң-чөнөктөрдү жамоо, 26 000 чарчы метр жол чийиндерди түшүрүү, табигый кырсыктардын кесепеттери жоюу жумуштары жасалды.



- Кыш жолчулар үчүн чоң сыноо эмеспи. Бул багыттан алганда кандай жумуштар жасалды?

-Чынын айтканда өткөн жылы кышка карата даярдык алдын-ала даярдык көрүлгөндүктүн мурдагы мезгилдерге салыштырмалуу жолчулар үчүн кыйла эле жеңил болду. Өткөн жылы "Кыргызавтожол-Түштүк" мамлекеттик ишканасы өзүнүн тапкан кирешесинин эсебинен Тоңмурун, Талдык ашуунда Казакстандан алынып келинген узундугу 50, туурасы 20 метр болгон 2 ангар салган болчу. Ал кыштын күнү туз, кум, шагыл сыяктуу инерттик материалдарды жана жол техникаларын жылуу сактоого көмөк берип, кышкы ызгаар суукта жолду сапаттуу тейлөөгө жардам берди. Мындай ыкма пайдалуу экендиги эске алынып, үстүбүздөгү жылы башка ашууларга куруу пландаштырылууда.

-"Казанда болсо-чөмүчкө" дегендей, мамлекетибиздин бюджетинин көтөрүлүшү тармактын өнүгүшүнө оң таасир берип жатат. Жол чарба департаментинин №5 регионалдык бөлүмү өткөн жылдагы ийгиликтерин быйыл уланта алабы?

- Кудай буйруса деп туралы, жол маселеси Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун көңүлүнүн борборунда тургандыктан, биздин тармакты материалдык-техникалык жактан чыңдоо, акча каражаттарынын өз убагында бөлүнүп турушу оң тарапка чечилген. Ошондуктан быйылкы жылы белгиленген план толугу менен аткарылат деген ишенимдебиз. Үстүбүздөгү жылы жалпысынан алганда 482 км жол салынат. Анын ичинен титулдук планга кирген 76, капиталдык салымдар беренеси боюнча 269,7, андан сырткары өткөн жылдан калган 136 км аралык жолго асфальт төшөлөт. Орто жана учурдагы оңдоп түзөө жумуштары өз убагында башталат. Аң-чөнөктөрдү жамоо, жол чийиндерди түшүрүү, табигый кырсыктардын кесепеттери жоюу боюнча жасалчу жумуштар алдын ала пландаштырылган.

Өзүңүздөр да байкаган чыгаарсыздар, азыркы учурда Ош-Кара-Суу жолунда жумуштар кызуу жүргүзүлүп жатат. Ош-Сары-Таш-Эркештам жолунда 61 чакырым аралыктагы жол оңдолот. Өткөн жылы сентябрь айынан башталган аралыгы 54 км Ылай-Талаа-Гүлчө жолу быйыл да улантылат. Араван-Төөмоюн автожолуна 40 км асфальт төшөлөт. Көп жылдардан бери көйгөй болуп келе жаткан 16 чакырымды түзгөн Ноокат айланма жолу планга кирди. Калгандары өзүбүздүн балансыбыздагы жана айыл өкмөттөрдүн карамагындагы жолдор.

Келечекте аралыгы 50 чакырым келген стратегиялык мааниге ээ болгон Дароот-Коргон-Үч-Коргон автожолун баштоо боюнча сунуш берилген. Ал колдоого алынып калса, Ош жана Баткен облустарынын жашоочулары үчүн ыңгайлуу шарт түзүлмөк.

ЖОЛ - ЖАШООНУН КАН ТАМЫРЫ

Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргызавтожол-Түштүк" мамлекеттик ишканасынын №21 жол эксплутациялоо ишканасы тейлеген жолдун жалпы узундугу 258,4 км. Анын ичинен 61,6 чакырымы эл аралык, 119,6 чакырымы мамлекеттик, 72,2 чакырымы жергиликтүү маанидеги жол. Ишкананын жетекчиси Салмоорбек Акматов бул тармакта көп жылдардан бери эмгектенип, анын күнгөйтескейин баштан кечирген тажрыйбалуу адис.

Биздин кабарчыбыз аны менен жолугуп, ишкананын өткөн кеткени, өткөн жылда аткарган жумуштары, алдыда аткарыла турган иштер тууралуу маектешип кайткан.



-Салмоорбек Советбекович, сиз тармактын ысык-суугун баштан кечирген адамсыз. Өткөн учурга бир аз токтоло өтсөңүз?

- Анын эмнесин жашырабыз, сиздердин деле эсиңиздерде бардыр, 2005-жылга чейин асфальт басуу эмес, аң-чөнөктөрдү оңдоо чоң көйгөй болуп келген. Андан кийинки жылдарда деле бир райондо 1 км жолго асфальт басылса, ал чоң жетишкендик болчу. Эми ал мезгил артта калды. Аны карапайм калк деле байкап жатат. 2021-жылдан тартып мамлекет бизге толук кандуу көңүл бөлө баштады. Ар бир райондо 100 кмге чейин жолго асфалттап турду. Бул -чоң жетишкендик.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров республикабыздын бардык аймактарында жолдорду оңдоо маселесине олуттуу маани берип, жол эксплутациялоо ишканаларын материалдык-техникалык жактан чыңдоо, керектүү каражаттарды өз убагында бөлүп туруу маселесин өз көзөмөлүнө алгандыктан, иштин алдыга кетишине чоң таасирин тийгизди.

-Кийинки сөздү өткөн 2025-жылы аткарылган жумуштар тууралуу улантсак?

- "Кыргызавтожол-Түштүк" мамлекеттик ишканасынын №21 жол эксплутациялоо ишканасы тарабынан өткөн жылы өтө көлөмдүү жумуштар, жалпысынан алганда 814 млн. 332 миң сомдук жумуштар аткарылды. Жыл ичинде орточо оңдоп түзөө жумуштары үчүн 21 млн. 640 миң сом каралган болсо, анын ордуна 297 млн. 887 миң сомдук, учурдагы оңдоп түзөө жумуштары үчүн планда каралган 9 млн. сомдун ордуна 18 млн. 428 миң сомдук жасалган. Карды тазалоо, инерттик материалдарды жеткирүү, тайгалак жолго кум, туз, топурак себүү сыяктуу кышкы тейлөөгө 5 млн. 400 миң сом каралса, иш жүзүндө 7 млн. 605 миң сомдук, жайкы тейлөөгө 3,5 млн. сом каралса, иш жүзүндө 6 млн.558 миң сомдук жумуштар аткарылган. Мындан сырткары табигый кырсыктардан улам бузулган жолдорду калыбына келтирүү үчүн 5 млн. 626 миң сомдук жумуштар жасалды.



- Биз билгенден сиздердин ишканаңыздар тарабынан өткөн жылы 30 чакырымдан ашык жолго асфальт төшөлдү. Аны факты, мисалдар менен бышыктап өтсөңүз?

- Биз үчүн Ак-Терек-Папан-Кожо-Келен автожолу эң көйгөйлүү маселе болуп келген. Анын 0-7,5 км аралыгына 2 катмарлуу, туурасы 8 метр болгон калыңдыгы 12 см асфальт төшөлдү. Ага жол чийимдери чийилген. Эми кооптуу участокторуна 200гө жакын парапеттерин орнотуу жумуштары калды. Быйылкы жылы бул жумуштар да аягына чыгат

Мындан сырткары, Папан айыл өкмөтүндөгү Алчалуу айылында 3 км 188 метр, Ош-Тээке жолунда 1,76 км аралыкка, Ош шаарындагы К.Исаков көчөсүнө 3,3 км, Каримов, Малабеков, Уларов көчөсүнө- 1 км, Төлөйкөн айылында 1км. асфальт төшөлдү.

Капиталдык салымдар беренеси боюнча Папан айылын Мады айыл өкмөтү менен байланыштырган тоолуу Лаглан айылына алып баруучу 5 км жол толугу менен асфалтталды.

- Жүргүнчүлөр байкагандай, кийинки жылдарда Ош-Баткен-Раззаков автожолу жылдан жылга оңолуп бар жатат. Азыркы учурда бул жолдо кандай жумуштар жүрүп жатат?

-Туура айтасыз, эл аралык маанидеги бул жол мамлекет башчысынын көзөмөлүндө тургандыктан адегенде 7, андан кийин 13, мурдагы жылы 28 км аралыкка асфальт басылган болчу. Өткөн жылы абдан оор абалда калган 7,5 км аралыкка 2 катмарлуу калыңдыгы 15 см болгон асфальт биздин ишкана тарабынан басылды. Аталган автожолдун 16-25 чакырымынын аралыгына жолду пайдалануу мөөнөтүн узартуу максатында 10 км жол бодурлоо (битум кошулган майдаланган шагыл) иштери жасалды. 22-22,5 чакырымындагы кооптуу аралыгы калыбына келтирилип, оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

Ош-Баткен-Раззаков автожолунун биздин карамагыбызда турган бөлүгүндө жол коопсуздугун сактоо үчүн азыркы учурда асфальттын четин бүтөө, жол боюндагы даректарды формага келтирүү, парапеттерди актоо, сырдоо, кошумча жол белгилерин орнотуу сыяктуу жайкы тейлөө жумуштары жүргүзүлүп жатат.

Өткөн жылы асфальт басылган 0-7,5 чакырымдын аралыгында жол четине суу ага турган лотокторду тизүү, жарыктандыруу, тротуар басуу, аялдамаларды орнотуу жумуштары жасалып жатат.

-Жол техникалардын жаңыланышы иштин өндүрүмдүүлүгүн арттырууга көмөкчү берет эмеспи. Сиздердин техникалык парк эмне менен жаңыланды?

-Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргызавтожол-Түштүк" мамлекеттик ишканасынын башка жол эксплутациялоо ишканаларынын катарында биздин техникалык парк жаңы автогрейдер, HOWO маркасындагы 15 тонна жүктү өзү түшүрүүчү автомашина, жумушчуларды ташый турган "Дубль кабина" маркасындагы автомашина, суу чача турган автомашина, асфальт жолду ремонттоого керектелүүчү компрессор, кесүүчү жабдуулар, 3 тонналык каток менен камсыздалды. Албетте, жол техникалардын жаңыланышы иштин сапатын көтөрүүгө, анын өндүрүмдүүлүгүн арттырууга көмөк берди.

-Маекти үстүбүздөгү жылы аткара турган жумуштар менен жыйынтыктасак?

-Биздин ишкана тарабынан 2026-жылы Культцентр-Кичик-Алай жолунун 17, Культцентр-Чөгөм-Загара жолунун 20 чакырымы гравировкаланат. Ак-Терек-Папан-Кожо-Келен автожолунун Сары-Талаа, Карагур, Бөрү участкаларындагы жолдор оңдолот. Культцентр-Кичик-Алай жолунун 17 чакырымындагы көпүрөнүн курулушу башталат. Ак-Терек-Папан автожолунун 0-7,5 чакырымынын аралыгын бодурлоо жумуштары ишке ашырылат.

Бетти даярдаган:
Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ